DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

# ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ
# ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ
# HISTORICAL SCIENCES

*Капалбаев О.Э., Жолдошев Н.Ж.*

## САЙМАЛЫ-ТАШТАГЫ ЧЕГИЛГЕН АЙРЫМ СҮРӨТТӨР

*Капалбаев О.Э., Жолдошев Н.Ж.*

## ОБ ОТДЕЛЬНЫХ ПЕТРОГЛИФАХ НА САЙМАЛЫ-ТАШЕ

*O.E. Kapalbaev, N.J. Joldoshev*

## ABOUT SEPARATE PETROGLYPH ON SAYMALY-TASH

*УДК: 930. 2*

*Биздин өлкөнүн башкы өзгөчөлүгү – биздин улуу тарыхыбыздын ар бир этабына тиешелүү болгон архитектуралык эстеликтердин көп саны болуп саналат. Алардын бири «Саймалы-Таш» байыркы маданият эстелиги. Саймал-Таш капчыгайынын петроглифтери Жалал-Абад шаарынан 120 км аралыкта жайгашкан жана алар көптөгөн миңден ашык жылдардан бери бар. Байыркы ыйык жер Фергана тоо кыркасынын тоолорунда деңиз деңгээлинен 3000-3450 метр бийиктикте жайгашкан. Саймалы-Таш XX кылымдын башынан тартып саякатчылардын, изилдөөчүлөрдүн жана окумуштуулардын кызыгууларын арттырып келген. Таштарга чегилген сүрөттөр ошол жерге жакын жайгашкан элдердин колдонмо маданиятынын, дүйнө таанымдарынын, эң негизгиси кайсыл доорлордо түшүрүлгөндүгүн, алардын маданий алкагын аныктоого жардамын берген. Саймалы-Таштагы тартылган сүрөттөр өзүнүн көп багыттуулугу менен таанымал болуп, айрым сүрөттөрдүн маанилери бүгүнкү мезгилге чейин аныкталбай келет.*

***Негизги сөздөр:*** *Саймалы-Таш, сүрөт, түрлөр, жазуу, тамгалар, жаныбарлар, жаратылыш.*

*Главной особенностью нашей страны является большое количество архитектурных памятников, относящихся к разным этапам нашей великой истории. Одним из них является памятник культуры древних народов «Саймалы-Таш». Петроглифы урочища Саймалы-Таш находятся в 120 км от города Джалал-Абад и насчитывается им более многих тысяч лет. Древнее святое место располагается высоко в горах Ферганского хребта на высоте 3000-3450 метров над уровнем моря. С начала XX века к Саймалы-Ташу огромный интерес проявляли путешественники, исследователи и ученые. Рисунки, нарисованные на камнях, раскрывают нам некую историю появления этих рисунков, об эпохе появления данных надписей, присущих прикладной культуре народов, проживавших вблизи этих мест. Петроглифы на Саймалы-Таше известны своей универсальностью, но значения некоторых изображений до сих пор не определены.*

***Ключевые слова:*** *Саймалы-Таш, изображение, виды, знаки, буквы, животные, природа.*

*The main feature of our country is a large number of architectural monuments belonging to different stages of our great history. One of them is the monument of culture of ancient peoples "Saimaly-Tash". Petroglyphs of the saimali -Tash tract are located 120 km from the city of Jalal-Abad and they are more than many thousands of years old. The ancient sanctuary of fire worshippers is located high in the mountains of the Fergana range at an altitude of 3000-3450 meters above sea level. Since the beginning of the 20th century, travelers, researchers and scientists have shown great interest in Saimaly-Tash. The drawings, painted on stones, tell us a certain history of the appearance of these drawings, about the era of the appearance of these inscriptions inherent in the applied culture of the peoples living near these places. Petroglyphs of Saimaly-Tash are known for their versatility, but the meanings of some images have not yet been determined.*

***Key words:*** *Saimaly-Tash, picture, types, signs, letters, animals, nature.*

Фергана тоо кыркасынын Көгарт ашуусуна жакын Саймалы-Таштагы таштарга дүйнөлүк тарыхыйи-маданий маанидеги чегилген сүрөттөрдү көрүүгө 1902-жылы жайында Нарындан Андижанды карай бара жаткан Россиянын аскердик топографы, сүрөтчү Николай Гаврилович Хлудов жергиликтүү жашоочулардан угуп барган. Анткени ал жердин «Саймалы-Таш» аталышы анын кызыгуусун арттырган өңдөнөт. Жолдун татаалдыгына карабай жергиликтүүлөрдүн

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



жардамы менен Саймалы-Ташка барып, жердин жайгашуусун жана бир нече сүрөттөрдү тартып келгенден кийин, таштарга чегилген оюу сымал сүрөттөрдү өз алдынча чечмелөөгө аракет жасап, ал эми түшүнүксүз сүрөттөрдү жазуу деп кабыл алып, бул маалыматтарды Ташкенттеги Түркестандык археология сүйүүчүлөр ийримине жолдоп жиберген [13, 40-42-бб.]. Маалыматты уккан ийрим (ТКЛА), уюмдун мүчөсү, орус падышачылык армиянын генералы И.Т. Пославскийден ал жерди тыкыр изилдөөгө алуу чечимин кабыл алышкан. Бирок жолдун жана аба ырайынын татаалдыгы жана башка себептерден улам азыраак гана сүрөттөр тартылып алынган. И.Т. Пославскийдин маалыматында Саймалы-Таштагы сүрөттөр таш дооруна таандык, ошондой эле ал жерде миңдеген сүрөттөр бар экендигин жана аларды изилдөө үчүн бир нече айлар сарпталаарын билдирген [12, 44-48-бб.; 14, 163-171-бб.].

1903-жылдан 1946-жылга чейин же 43 жыл аралыгында Саймалы-Ташка башка илимий экспедиция уюштурулган эмес. 1906-жылы край таануучу Н.Г. Малицкий тарабынан Саймалы-Ташты изилдеп келүү аракети болгон [2, 7-б.]. 1946-жылы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунун археолог-окутуучусу Б.М. Зима археологиялык экспедиция уюштуруп, бирок капчыгайдын чыгыш жагын гана изилдөөгө алып, жыйынтыгында «Наскальные изображения Киргизии» темасында диссертациялык иш жазып, аны ийгиликтүү коргогон [9; 4, 388-б.]. 1950-жылы археолог А.Н. Бернштам башында турган Памир-Фергана экспедициясынын адистери тарабынан биринчи жолу ар тараптуу изилдөө иштери жүргүзүлгөн. А.Н. Бернштам Саймалы-Ташты «ыйык жай» атап, таштарга чегилген сүрөттөрдү классификациялоо менен бирге доорун дагы аныктоого өтө көп аракет жасаган. Анын аныктамасы боюнча сүрөттөр б.з.ч. II-I миң жылдыктын аралыгында же «сактарга чейин» (предсакский) тартылган деген ойду айтат. Андан сырткары таштардын пайда болушу тууралуу: ... Балким, б.з.ч. I миң жылдыктын башында ири өлчөмдөгү таштар кулап түшүшкөн. Мына ошондон кийин жакын аймакта жашаган жашоочулар таштарга сүрөттөрдү түшүрүүнү башташкан [4, 391-б.], - деп таштардын жердин силкинишинен кийин түшкөндүгүн (камнепад) белгилеп жатат. Чындыгында эле, бул таштардын дээрлик бирдей чоңдуктарда бөлүнүп, узатасынан жерге жайылып калгандыгы өтө кызыгууну туудурат. Анын үстүнө жанындагы тоолордо аскалуу зоолор, базальт таштары деле көп байкалбайт. Таш дал ошол жерге «таш асмандан жаагандай» элес калтырат. Ошондуктанбы ар бир барган адам ал жердин башкача энергетикасын сезбей койбойт. Г.А.Помаскина дагы бул жердин өзгөчөлүгүн байкап: «Өрөөндө жашаган адамдар, жаратылыш тоо арасына бекитип койгон Ыйык Жайга июль айларында чыгып барышып, Ыйык көлдөн өздөрүнүн каалоо-тилектерин, суранычтарын, үмүттөрүн айтып, алардын кабыл болушун сураныршкан. Ошондон кийин гана көлдүн жээгиндеги таштарга реалдуу же кыялдагы турмуштарын чагылдырган сүрөттөрүн чегип калтырышкан» [11, 10-б.], - деп Саймалы-Таштын өзгөчө ыйык жайлардын бири экендигине токтолуп өткөн.

А.Н. Бернштамдан кийин 1963-жылы математик Н.Л. Подольский, 1966-1968-жылдары тарых мугалими Ю.Н. Голендухин, 1968-1973-жылдары Г.А. Помаскина, 1978-80-жылдары Я.А. Щер таш эстеликтерин өз алдынча изилдөөгө алышып, өздөрүнүн тыянактарын жарыялашкан. Г.А. Агафонова жана И.К. Кожомбердиевдер дагы изилдешип, көлөмдүү эмгек жазышкан. Алардын кол жазмасы КР УИА кол жазма фондунда сакталып турат. Алардан сырткары археологдор Е.Е. Кузьмина, Л.М. Мосолова, Д.Ф. Винник, А.К. Абетеков, В.Н. Плоских, В.П. Мокрынин, В.Д. Горячева, казахстандык профессор А.И. Мартынов, изилдөөчү Марьяшев ж.б. изилдөөгө алышкан.

1991-жылы КР УИАнын Тарых, археология жана этнография институтунун археологу, тарых илимдеринин кандидаты К.И. Ташбаева башында турган археологиялык экспедициясы жүргүзүлгөн. К.И. Ташбаева Саймалы-Ташка ондон ашык сезондуу экспедицияларды жүргүзүп, миңдеген сүрөттөрдү тартып, аларды чечмелөөгө алуу менен бирге ЮНЕСКОнун бүткүл дүйнөлүк эстеликтер мурасына катталышын демилгелеген. Ошондой эле Саймалы-Таштагы чегилген сырдуу сүрөттөр тилчилердин дагы кызыгууларын арттырган. Тилчи адис, профессор Л.Ж.Жусупакматов археологдор менен 3 сезон, өз алдынча 6 сезон, жалпы 9 сезон барып, ал жердеги сүрөттөрдү тилчинин көз карашы менен изилдөөгө алган [5, 124-127-бб.].

Кыргызстан өзүнүн эгемендигин алган мезгилден тартып, Саймалы-Ташка илимий экспедициялардан сырткары сыйынуу ритуалдарын жасоо иретинде топтошуп, өз алдынча чыккандар, андан сырткары туристтик же жер көрүү максатында эле чыккандар да көбөйүшүп, эстеликтерди уурдап кетүү, өздөрүнүн ысымдарын жазуу, «кошумча сүрөттөрүн» тартуу менен эң чоң маданий мурас коругунун талкаланып жок болуу коркунучу дагы бар экендигин эскерте кетели.

Сүрөттөрдүн тартыла башташын кароо кайсыл бир сүрөткө эмес, сүрөттөрдү чегүүнүн жалпы, бирдиктүү стилистикалык ыкмасынын негизине карата

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



аныкталат [2, 3-б.]. Ошондуктан Саймалы-Таштагы сүрөттөрдү түшүрүүнүн башталышы, мезгили боюнча да окумуштуулар түрдүү көз караштары сунушташат. Алсак, И.Т. Пославский - таш доору; Б.М. Зима - неолит; А.Н. Бернштам (сактарга чейин, сак, гун, түрк доору), Г.А. Агафонова, И.К.Кожомбердиев - б. з. ч. II миң жылдык - б.з. I миң жылдыктын башталышы; В.М. Массон - б.з.ч. IV-III миң жылдыкта; Г.А. Помаскина – коло доору; Ю.Н.Голендухин – б.з.ч. III миң жылдыкта; Я.А. Щер - энеолит [7, 131-б.], Б.Жумабаев - 3500-4000 жыл мурун [8, 94-б.], - деп түрдүү варианттарды сунушташкан. Жогорудагыдан көрүнүп тургандай бирдиктүү пикир жок. Себеби Саймалы-Ташка чегилген сүрөттөр бир эмес бир нече доорду ичине камтып, ар бир доордун жашоочуларын өзүнө тартып турган. Ошол себептен алар жолдун жана аба ырайынын катаалдыгына карабай, ал жерге барып, көлгө сыйынып, түлөө өткөрүшүп, ички дүйнөсүндө жүрүп жаткан ойлорун, турмуштук дүйнө таанымдарын таш берттерине чагылдырууга аракет кылышкан. Албетте, ал жер ыйык жерлердин катарына киргендиктен ташка сүрөт түшүрүү үчүн түрдүү ритуалдарды аткарышкандан кийин гана уруксат алышы толук мүмкүн.

Изилдөөчүлөрдүн ичинен А.Н.Бернштам Саймалы-Ташка түшүрүлгөн сүрөттөрдү болжолдуу түрлөргө бөлүп, ошону менен бирге эле болжолдуу санын дагы жазып калтырган. Таш сүрөттөрдүн орун алышы боюнча: I Саймалы-Таш, II Саймалы-Таш деп бөлүп, I Саймалы-Ташта – 91 900 сүрөт; II Саймалы-Ташта – 15 625 сүрөт, жалпы – 107 525 сүрөт тартылгандыгын, мынчалык көп сандагы сүрөт Азияда эле эмес, дүйнө жүзүндө табылбагандыгын белгилеп өткөн [4, 393-б.]. Бирок Г.А. Агафонова жана И.К. Кожомбердиевдер өздөрүнүн комплекстүү изилдөө иштеринин негизинде А.Н. Бернштамдын сүрөттөрдү көбөйтүп жазып койгондугун, ал жерде 90 000 эмес, 6 020 гана сүрөт бар экендигин белгилешет [2, 12-б.]. Ошондой эле А.Н. Бернштам тартылган сүрөттөрдү бөлүүдө, жаныбарлардан: аркар, элик, эчки-теке, бугу, жылкы, жылан, топоздорду гана келтирип, төө, коен, ит, карышкыр, барс (илбирс), багыш, бука (өгүз), каман жаныбарлары сүрөттөрдө даана көрүнүп турганы менен негедир аларды «20 белгисиз жаныбарлардын» катарына кошуп койгон.

Б.М. Зима, А.Н. Бернштам, Ю.Н. Голендухин, Г.А. Помаскинаны Саймалы-Таштагы чегилген сүрөттөрдүн ичинен күн баш сүрөттөрдөн сырткары букалардын сокого же арабага чегилишинин үстүнөн чоң талкуу жүргүзүшүп, кызыктуу пикирлерин калтырышкан [14, 164-б.]. Себеби бир сүрөттө үч буканын сокого чегилиши берилсе, экинчисинде бука менен теке бир сокого, дагы биринде бука менен эшек, бука менен ат, бука менен төө чегилип турганы берилген. Букалардын сокого чегилиши, алардын дыйканчылыкты дагы мыкты өздөштүргөндүгүнөн, ал эми арабага чегилиши кол өнөрчүлүктүн жогорку деңгээлге жетишинен кабар берип турса, бука менен башка жаныбарлардын бир сокого чегилиши окумуштууларды туңгуюкка кептелтеткен [14, 169-б.]. Анткени эки башка чоңдуктагы жаныбар болгондуктан сокону экөө бирдей тарта албайт, сокону тартуу мүмкүн дагы эмес. Ошондуктан аларды культтук, ритуалдык, культтук-магиялык мазмундагы сүрөттөргө киргизишкен.

Я.Н. Щер, Н.Ю. Голендухиндин жаныбарлардын сокого чегилиши, дыйканчылыктын календары катары кароо божомолун ынанымдуу берген эмес деп белгилегени менен анын концепциясын жокко чыгарбайт. Ал, күн белгилериндеги (солярдык) нурларды жылдын ичиндеги айларга, айдын ичиндеги күндөргө бөлүп караганы менен көптөгөн талаштуу маселелерди, жергиликтүү элдин календардык эсептерин билбегендиктен ачык түшүндүрүп бере алган эмес.

Ушул маселе боюнча кыргыз таануучу, физик Бердибек Жумабаев Саймалы-таштарга чегилген сүрөттөр аркылуу Күн-ай жыл санагын чечмелеп, байыркы кыргыздардын жыл санагынын түшүндүрмөсүн коомчулукка жарыялашы ачылыш катары кабыл алынып жатат. Ал, айдын аталыштарын тогоол менен атап, мисалы: 27 тогоол - 26 сутка (күн-түн); 23 тогоол - 27; 21 тогоол - 28; 19 тогоол - 29; 17 тогоол - 29; 15 тогоол - 28; 13 тогоол - 29; 11 - тогоол - 28; 9 тогоол - 29; 7 тогоол - 29; 5 тогоол - 26; 3 тогоол - 29; 1 тогоол - 28 сутканы түзүп, жылдын башталышын азыркы 1-май менен баштайт [8, 75-б.]. Бул жерден даана көрүнүп тургандай, Б.Жумабаев Н.Голендухиндин теориясын практикалык иш жүзүндө далилдеп жатат.

Г.А. Агафонова жана И.К. Кожомбердиевдер таштарга чегилген сүрөттөрдө теке, бугу, ит же карышкыр, төө, жылкы, бука же топоз, каман, «үйлөрдүн планы», жөө, атчан адамдар, эки дөңгөлөктүү араба, бука, ат ж.б. жаныбарлар чегилген соколор жана түрдүү белгилер, тамгалар бар экендигин белгилешкен. Текелердин сүрөтү өтө көп тартылып, алар жалпысынан 27,5% түзүшкөндүгүн көрсөтүшөт [2, 27-б., 52-б.]. Тартылган сүрөттөрдүн арасында башына эчки-текелердин мүйүздөрүн тагып, сакалдарын ээктерине байлап, терилерин жаманып, беттерин майлап, бийлеп жатышкан учурлары дагы чагылдырылган. Албетте, бул сүрөттөр жөндөн эле берилип калбаган-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



дыгы даана эле көрүнүп турат. Кыргыз элинин ишенимдеринде, этнографиялык маалыматтарда эчки-текелерди Кудайдын, Жараткандын жакшы көргөн, асмандан түшүргөн жаныбары катары кабыл алышып келишкендиги сакталып калган. Кийиктин терисинин жана этинин өтө чоң касиети бар деп ишенишип, балдары токтобой, «чарчап» калып жатканда кийиктин терилеринен тон тигип кийгизип келишсе [2, 127-б.], боз үй ичине, оймо-сайма салынган туш кийиздерге, аяк каптарга, баш кийим салгычтарга, чыгдандарга кийиктин (текелердин) сакалдарын тагып коюшкан. Бул аларды «көз, сөз тийүүдөн» сактайт деген ишенимдери болгон [10, 8-б.]. Жана да кийиктин этин жеген адамдардын бир жылдык күнөөлөрү кечирилет деген ишенимдерде жашашкандыгы белгилүү. Демек, текелердин көп санда тартылышы, сүрөттөрдү түшүргөн байыркы элдердин негизги тотеми эчки-теке болгондугу менен айгинеленип жатат. Бул боюнча А.Н. Бернштам: «... Саймалы-Таштагы текелердин түшүрүлүшү аңчылыктын гана белгиси эмес, ийгиликтин символу, андан дагы солярдык культтун эмблемасы», «Ал жөн эле тотем эмес, солярдык-космостук түшүнүк. Бул өзгөчө Саймалы-Таштагы күнбаш дисктери менен чогуу кетип бара жатышында даана көрүнүп турат» [3, 223-б.], - деп текелердин сүрөтүнүн көп санда тартылышынын маанисин ачык көрсөтүп өтөт. Саймалы-Таштагы сүрөттөрдө текенин сүрөттөрүнүн көп тартылышы тууралуу Б.Жумабаев да өтө кызыктуу маалыматтарды келтирет. Анын белгилөөсү боюнча: «Сыйынуу, ритуалдык иштерди жүргүзүү теке айларында жүргүзүлгөндүктөн «Мен теке айында келдим, уруум барс же бөрү», - деп өздөрүнүн тотемдик жаныбарларын кошо түшүрүшкөн» [10, 8-б.], - дейт. Албетте, жогорудагы ой изилдөөчүлөр тарабынан илимий айлампага алынып, бир вариант катары кабыл алынууга тийиш.

Саймалы-Ташта тартылган түрдүү белгилер, тамгалар жана геометриялык сызыктардын жалпы саны 1454 жетип, анын 1390 сынык сызык, түз сызыктардан туруп, 64 белги жана тамга табылган [2, 75-б.]. Чындыгында эле, таштарга түшүрүлгөн тамгалар жөн гана тамга эмес, кыргыздардын уруулук эн тамгаларына окшош экендигин байкоого болот. Алсак, XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башына чейин пайдаланылып келген уруулук эн тамгалар: багыш, мундуз, саруу, саяк, сарттардын *туура тамга* – /; азык уруусунун ичиндеги байкүчүк жана бөрү уруктарынын *жаа, жебе тамга* – **ψ**; баарындын төгөрөк тамгасы **– о —**; баарын, адигине (теңизбай тамга), кушчу, муңгуштардын *төгөрөк тамгасы* – **О** сындуу тамгаларды да таш беттеринен жолуктурууга болот [1, 730-735-б.]. Демек, жогорудагы эн тамгалардын кыргыз урууларында, кийинки доорлордо кездешиши, алардын мураскору катары таанытып, көптөгөн мезгилдер, узак убакыт бою колдонуп келишкендигинен кабар берип турат.

Эки башы тегерек, ортосунан узун сызык бириктирген фигура – **о—о** [8, 132-б.] Саймалы-Таштагы сүрөттөрдө өтө көп жолугат. Таш беттеринде жалгыздан, экиден, айрым учурларда беш-алтыга чейин катары менен кездешет. Айырмачылыктары кайсыл бирөөсү кыскараак болсо, башкалары узунураак болуп, түрдүү узундукта тартылган. Бул белгини мурунку изилдөөчүлөрдүн эч кимиси окуй алышкан эмес. Физик жана кыргыз таануучу Б.Жумабаев ал сүрөттөрдө тогоолдун формасы түшүрүлгөндүгүн белгилейт. Ошондой эле Б.Жумабаев  белгисин Үркөр-ай жылдызынын берилиши жана Жыл жана Күн-ай жыл санактары ушул жылдыз менен берилгендигин, Үркөр-ай жыл санагы 365 сутканы түзүп, анын 1 тогоол айынын 29-суткасы «Жыл арасы» деп аталып, жаңы жылга кошулуп, эки күн майрамдалган деген ынанымдуу эсебин айтат [8, 87-б.]. Күн белгилери түшүрүлгөндө дагы анын нурлары 6, 8, 12, 16, 18, 26, 28 ж.б. чейин жетип тургандыгын байкоого болот.

Саймалы-Ташта бугунун 55 сүрөтү тартылып, мүйүздөрү 7 түрдө чегилгендигин окумуштуулар Г.Агафонова жана И.Кожомбердиевдер баса көрсөтүп өтүшөт. Эң кызыгы бугулардын мүйүзүн 8, 10, 12 айры мүйүзгө чейин тартышкан [2, 73-б.]. Себеби бугунун мүйүздөрүнүн жогорудагыдай айрыларга, сандарга бөлүнүшү элдин тотемдик, колдоочулук, көбөйүүчүлүк ишенимдеринин белгиси катары кабыл алынса керек деп болголоого болот. Мүмкүн дагы башка түшүнүктөрү, себептери болушу ыктымал. Демек, бугу байыркы мезгилдерде эле тотемдик ишенимдерге ээ болуп келген.

Ошондой эле  белгиси окумуштуулардын арасында талашуунун чоң объектисине айланган. Себеби Саймалы-Ташта, Г.А. Помаскина атагандай «асман арабасы (доңгөлөгү)» [11, 25-26-бб.] кичинекей көлөмдөн баштап, диаметри 47 см чейин чоңдукта тартылып, алкак сегизге бирдей өлчөмгө бөлүнгөн. Бул белги боюнча дагы окумуштуулардын түрдүү пикирлерди бериши Саймалы-Таштагы сүрөттөрдүн азыркы мезгилге чейин толук жана так изилденип бүтө электигин айгинелейт. Ошондуктан изилдөө иштерин жаңы өнүттө жүргүзүү мезгилдин талабы жана милдети болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, Саймалуу-Таштарга түшүрүлгөн сүрөттөр байыркы көчмөн элдердин

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



дүйнө таанымдарынан, диний түшүнүктөрүнөн сырткары чарбалык, аңчылык, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк, жыл санакчылык өнөрлөрүнүн мыкты деңгээлде өнүккөндүгүнөн кабар берип, ошол эле учурда көптөгөн сырлар дагы деле катылып жаткандыгын дагы бир жолу тастыктап келет.

**Адабияттар:**


1. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер / Түз.: Ө.Караев. Котор.: С.Мамбеталиев, Д.Сулайманкулов, С.Макенов. 2-бас. - Бишкек: «Турар», 2013. - 896 б.
2. Агафонова Г.А., Кожомбердиев И.К. Петроглифы Саймалы-Таша, Иссык-Куля и Кетмень-Тюбе. - Фрунзе: АН КиргССР Инст. Истории, 1978. - 175 с.
3. Бернштам А.Н. Историко-археологические очерки Центрального Тянь-Шаня и Памиро-Алая. МИА, №26. - Москва-Ленинград, 1952. - 348 с.
4. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. Сост.: К.Ташбаева, Л.Ведутова. - Б.: «Айбек», 1997. - 560 с.
5. Глазова Н., Концепция профессора Джусупакматова в изучении петроглифов Саймалы-Таша // «Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы» илимий журналы. - Ош. - 2011. - №1. - 124-127-бб.
6. Голендухин Ю.Н. Вопросы классификации и духовный мир древнего земледельца по петроглифам Саймалы-Таша // Первобытное искусство. - Новосибирск, 1971. - с. 181-202.
7. Джусупакматов Л.Дж. Пиктография петроглифов Саймалы-Таша как протописменность народов Центральной Азии // «Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы» илимий журналы. - Ош. - 2011. - №1. - 129-133-бб.
8. Жумабаев Б. Кыргыз таануу. - Бишкек: «Улуу тоолор», 2018. - 560 с.
9. Зима Б.М. Из истории изучения наскальных изображений Киргизии. В кн.: Избранные научные труды по истории Компартии Киргизии и истории Киргизской ССР. - Фрунзе, Кыргызстан, 1982. - 252 с.
10. Капалбаев О.Э. Автордун талаа материалдары. №1. - Бишкек, Тогуз-Торо (Саймалы-Таш). - 2019. - 8 б.
11. Помаскина Г.А. Когда были боги на земле. - Фрунзе: Кыргызстан, 1976. - 34 с.
12. Пославский И.Т. 1902. По поводу заметки Н.Г. Хлудова // ПТКЛА (11 декабря 1901 года 11 декабря 1902 года), год VII. Ташкент. С.44-48.
13. Хлудов Н.Г. Перевал Саймалы-Таш, на котором найдены камни с надписями. - ПТКЛА, Ташкент, 1902. - С. 40-42.
14. Щер Я.А. К интерпретации сюжетов некоторых петроглифов Саймалы-Таша // Культура Востока. Древность и раннее средневековье. - Ленинград, 1978. - с. 163-171.
15. Щер Я.А. Петроглифы Средней и Центральной Азии. - Москва: Главная редакция восточной литературы издательства «Наука», 1980. - 328 с.